**Эне бизди Мекен үчүн төрөгөн!**
**Сөзү: Жолматова Жумагүл**
**Обону: Нурдинов Эргеш**

Мекен эне – мээримине бөлөгөн,
Мекен ата – кулатпастан жөлөгөн.
Коргоочусу таянычы болот деп,
Эне бизди Мекен үчүн төрөгөн!

Кайратыбыз тоодон бийик урагыс,
Биз тоолордон дем-күч алып турабыз.
Жаны менен кошо бүткөн тагыдрга,
Биз тоолорго, тоолор бизге таяныч!

Биздин канда баатырлардын каны бар,
Биздин күчтө аталардын деми бар.
Шейиттердин каны менен жазылган,
Жүрөктөрдө Хан Манастын анты бар!

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү бийик көк урсун,
Көкө теңир өзү урсун!

Нарктуу элдин ырысына жаралган,
Баатырларды эне төрөйт эл үчүн.
Жаратылыш, тоо-таш кошо сүйүнгөн,
Коргошот деп Мекен чегин күнү-түн.

Жумагүл Жолматова